**ТЕОЛОГИЯ**

УДК: 297
DOI 10.33514/1694-7851-2024-4/2-398-408

**Абдукадыр кызы Б.**
PhD докторант
И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
buhamida.milawka@mail.ru

## АХЛУ РОИ ЖАНА АХЛУ ХАДИСТИН НЕГИЗГИ АЙЫРМАЧЫЛЫКТАРЫ

**Аннотация:** Бул макалада, Ахлу рои жана Ахлу хадис сөздөрүнүн аныктамалары жана алар кимдер экендиги тууралуу, ошондой эле алардын айырмачылыктары жана туурасы кайсыл экендиги баяндалат. Анткени, алардын айырмачылыктарын жана туурасын билүү фыкх илимин түшүнүүгө жардам берет. Себеби, ал эки мектептин айырмасын билбегендиги үчүн, кее бирки руханий оорусу бар адамдар Ханафий мазхабындагы көптөгөн маселелерден шектенип келишкен. Ал эми, Ахлу Рои жана Ахлу хадис түшүнүктөрүн билүү, мазхабты бекемдөөгө жардам берет.

**Негизги сөздөр:** ахлу рои, дин, илим, ахлу хадис, айырмачылыктар, Куран, сунна, хадис

**Абдукадыр кызы Б.**
PhD докторант
Кыргызский государственный университет имени И.Арабаева
г. Бишкек
buhamida.milawka@mail.ru

## ОСНОВНЫЕ РАЗЛИЧИЯ МЕЖДУ АХЛУ РОИ И АХЛУ ХАДИС

**Аннотация:** В данной статье объясняются определения слов Ахлу Рой и Ахлу Хадис и кто они такие, а также их различия и правильность. Ведь знание их различия и правильности помогает понять науку фикха. Поскольку он не знал разницы между двумя школами, некоторые люди с духовными заболеваниями с подозрением относились ко многим вопросам ханафитского мазхаба. с другой стороны, знание концепций Ахлю Рой и Ахлю Хадис помогает укрепить мазхаб.

**Ключевые слова:** ахлу рои, религия, наука,ахлу хадис, различия, Коран, сунна, хадис

**Abdukadyr kyzy B.**
PhD Doctoral student
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
buhamida.milawka@mail.ru

## MAIN DIFFERENCES BETWEEN AHLU ROY AND AHLU HADIZH

**Annotation:** This article explains the definitions of the words Ahlu Roy and Ahlu Hadith and who they are, as well as their differences and correctness. Because knowing their differences and correctness helps to understand the science of fiqh. Because he did not know the difference between the two schools, some people with spiritual illnesses were suspicious of many issues of the Hanafi madhhab. On the other hand, knowing the concepts of Ahlu Roy and Ahlu Hadith helps to strengthen the madhhab.

**Keywords:** Ahlu Roy, religion, science, and Ahlu Hadizh, Quran, Sunnah, hadizh.

## Киришүү

Азыркы заманда кээ бирки адамдар фыкх илимин эки көз караш менен кароого болот деген туура эмес ойду карманышат, биринчиси: Ахлу хадис, экинчиси: Ахлу Рои – деп.

Ахлу рои (ой ээлери) – тек акылына таянып өкүмдөрдү чыгарышат.

Ахлу хадис – сүннөткө таянып өкүм чыгарат, деген сөз элибиздин арасында кеңири таралган. Ошол себептен дайыма Ханафийлерди же болбосо фукахаларды “Ахлу рои- силер өзүңөрдүн оюңарга таянып өкүм чыгарасыңар. Биз Китаб ва Суннага таянуубуз керек”- деп, өздөрүн ахлу хадис деп атап алгандар бар.

Фукахалар бардык хадистерди карап чыгып эрежелер түзүлгөн. Ханафийлер бир нерсе айта турган болсо эреженин негизинде гана айтышат.

Ал эми азыркы учурдагы “Куран сүннөткө кайталы” – деп жаткандар, Куран сүннөттөн таппай калса, өздөрүнүн Курандан сүннөттөн түшүнгөн нерселерин айтып жатышат. Алардын эрежеге түзүлбөгөн ойлору бар.

Ханафийлер болсо Абу ханифа, Абу Юсуф, Имам Мухаммад, Имам Малик ж.б илимде кепилдик берилген Муштахид Мутлакт аалымдардын сөздөрүн айтабыз. Сахабалардын мезгилинде 10-15 ке жетпеген мужтахид сахабалардын сөзүн башка сахабалар ээрчиген болсо. Ошол эреже менен келип, табийиндер дагы эрежелерди түзүп, маселелерди чечип жаткан болсо, биз ошолрду ээрчип жатабыз.

Эми оорулуу илим менен келген адамдын ою менен, система аркылуу келген, сахабалардын заманындагы илимге куралган, эрежеге түзүлгөн мазхабтын пикири жогорубу же ошонун пикири?

Куран сүннөткө кайталы деген – сыртынан угулганда сонун, бирок кантип алышыбыз керек? Кайсы түшүнүк менен алышыбыз керек? – деген маселеде, алар өздөрүнүн пикирин сунушун кылышат. Ал пикири – бир маселедеги бардык аят-хадистер топтолгон эмес, өкүмдөрдүн бардыгы каралган эмес. Далилдердин бардыгы топтолуп ( жамьул адилла), жалпы эрежеге каралып, түзүлгөн системага ( каидага) карабастан, өзү азыркы учурда эмнени түшүнсө ошого карап жоop берет. Экөөнүн айырмасы асман менен жердей болот.

Эми ушундай ойго каяктан келип калды? Кимдер себеп болду? Ахлу Рои жана Ахлу хадис дегендер кимдер? Ушулар тууралуу сөз кылабыз.

## Ахлу рои жана Ахлу хадистин аныктамасы

“Ахл” – деген сөздүк мааниси “ээси” – дегенди билдирет.

“Рои” – деген сөздүк мааниси “Ой”, “пикир”, “көз караш” – дегенди билдирет.

“Ахлу Рои” – деген сөздүк мааниси – “ой ээси” же “пикир ээси” – дегенди билдирет.

Ал эми Ахлу роинин терминдик мааниси – “Куран жана сүннөттөн ижтихад кылган факих” –дегенди түшүндүрөт.

“Ахли хадис” – дегендин мааниси “хадис ээлери” –дегенди билдирет. Ахлу хадис деген сөз: Бир гана хадисти риваят кылып, кийинкилерге өткөрүп берип, хадис илиминин терминине байланыштуу болгон маселелер менен алек болгондор.

**Ахлу рои жана Ахлу хадис сөзүнүн келип чыгуу тарыхы**

Ахлу хадис жана Ахлу Рои деп бөлүнүү тарыхы жөнүндө качан пайда болду дегенге токтоло кетсек. Тарыхка карасак “Ахлу Рои же болбосо Рои” - деген колдонмо Пайгамбарыбыздын мезгилинде эле болгон. Рои деген ижтихад дегенди билдирет. Бул нерсе сахабалардын мезгилде да бар болгон. Ал эми ижтихад деген маанини туюндурууда, **Муъаз ибн Жабалдын Пайгамбарыбыз с.а.в менен болгон маегинден таптык. Пайгамбарыбыз с.а.в айтты: “Эй, Муъаз эмне менен өкүм чыгарасың дегенде, Аллахтын китеби менен. Эгерде таппай калсаңчы? Пайгамбарыбыз с.а.в дын сүннөтү менен. Эгерде сүннөттөн таппасаңчы? Анда өзүмдүн оюм менен ижтихад кылам”[1] – дейт.**

Эң алгач ушул Муъаз ибн Жабалдын убагында колдонулган.

Андан соң бара-бара “Ахлу рои” сөз – шарият өкүмдөрүн мыкты деңгээлде түшүнгөн мужтахиддерге айтыла баштаган.

**Ат Тууфии Ал Ханбалий (716-ж каза болгон) “Шарх мухтасар Рауда” - китебинде мындай дейт: “Ахлу рои” ээлери (пикир ээлери) –өкүмдөрдү өзүнүн ою менен ой жүгүрткөн адамдар. Бул нерсе- бардык Ислам аалымдарын өзүнө камтыйт. Анткени, ар бир мужтахид, ижтихад учурунда – өзүнүн көз карашы, пикири жок болуп калбайт. Өзүнүн оюн билдирет”[2].**

**Андан кийин Ибрахим Аннахаъидин айткан: “Ахли Рои – сүннөттүн душмандары. Ким Рои менен чечим чыгара турган болсо ал сүннөттүн душманы” –деген.** Бирок, бул жердеги Ибрахим Нахаъи айткан маани: – “Эч жакка көз чаптырбай туруп, өзүнүн ою менен бир өкүмдү айтып койгондор” – болгон[3]. Мындайча айтканда сүннөткө карама-кршы келген өкүмдөрдү, өзүнүн логикасы менен ойлонуп, чечим чыгарып койгон – хавариждер, кодария, мушаббихалар жана бидатчылар жөнүндө айтылган сөз болгон.

Ибрахим Нахаи өзү жана Ибну Мусаййиб таабиъиндерден, фуруътарда ижтихад кылган аалымдар болгон. Кантип анан өздөрүнү өздөрү сүннөттүн душманы деп айтат.

Абдуллах ибни Масъуд

↓

Алкома р.а

↓

Ибрахим Ан Нахаъи

↓

Хаммад бин Аби Сулайман

↓

Имам Аъзам Абу Ханифа

---

[1] «مصنف ابن أبي شيبة» (م م عوامة) مع حاشية أبي المعاطي(15/ 54) ، و«السنن الصغير» للبيهقي(4/ 130) .

[2] «شرح مختصر الروضة» (3/ 289).

[3] «فقه أهل العراق وحديثهم»، لمحمد زاهد الكوثري، (ص: 10، بترقيم الشاملة آليا).

Эң алгач Робиъа ибн Фаррух – деген аалым, “Робиъату Рои” - деген лакапка ээ болду. Буга далил:

**Ибну Маажишуун (Маликий мазхабындагы чон аалымдардан, шакирти) айтат: “ Мен, касам ичем, Робиату Ибну Фаррухтан хадисти көп жаттаган адамды көргөн жокмун” – дейт[4].** Ал Имам Маликтин устазы болгон. Андан соң Имам Малик дагы “ Ахлу Рои” – деген лакапка ээ болгон. Ушул сөздөрдөн “Ахлу рои” – деген мужтахиддерге айтылат экенин билдик.

Имам Абу Ханифа жана анын мазхабындагы аалымдарга да “ Ахлу Рои” - деп айтылат. Өз доорунда Имам Маликке да айтылган.

Ошол эле учурда – “Ахлу хадис” – деген термин да бар болгон. Хадисти риваят кылып, кийинкилерге өткөрүп берип, хадис илиминин терминине байланыштуу болгон маселелер менен алек болгон аалымдар “Ахлу хадис” – деп аталган.

Мына ушул доорлордо фикх, ижтихад менен алектенген адамдарга “Ахлу Рои” – деп айтылса, анын ичинде Имам Маликтин устазы Робиъату Рои, Имам Малик өзү жана Имам Абу Ханифа дагы бар.

### Ахлу хадис жана Ахлу Рои деп бөлүнүү тарыхы

“Ахлу рои” – деп, жалаң гана Имам Абу Ханифага жана Ханафийлерге “ Куран макулукпу же макулук эмеспи?” - деген окуядан баштап айтыла башталган. Анткени, Холкул Куран” ( Курани Карим маклук же маклук эмеспи?) окуясынан (фитна) башталганда, Фикхта Ханафий, акыйдада муътазила болгондор “ Курани Карим макулук” – деп айтышат. Ошол доордун падышасы Маъмун дагы – адамдарды “Куранды макулук” - деп айтууга буюрат. Ал эми ошол учурда өкүмдөрдү жүргүзүүчү казылар – Ханафийлер (Фикхта Ханафий, акыйдада муътазила болгондор) болгон. Казылар Ханафийлер болгону үчүн – “Булар акылы менен өкүм чыгарып салышты, сүннөттү карманышкан жок” – деп, ушул окуядан баштап Ханафийлерге Ахлу рои “ акылы менен гана иш жүргүзөт” – деген туура эмес терминди Ханафийлерди бөлүп, жалгыздатып айтылып баштаган.

Негизи Ахлу хадис жана Ахлу рои деген терминдер таптакыр башка-башка маанилерде колдонулган. Ахлу Роиге Ахлу хадис дешкен эмес. Ахлу хадиске Ахлу Рои дешкен эмес.

Ахлу хадис жана Ахлу рои деген терминдер өзүнүн маанисинен таптакыр башка жакка колдонула баштады. 20-кылымда Азхардан чыккан, атайын масондор тарабынан даярдалган – Хадасииндер Мухаммад Абду жана Мухаммад Рашид Рида. “Мажаллатул манаар” жана “Юсрил Ислаам усулу ташриъил аам” - деген китептеринде, “Ахлу рои жана Ахлу хадис” - деген бөлүмдөрдү аябай көп келтирген. Ушул жерден бөлүп баштаган.

**Мухаммад Рашид Рида (1935-ж өлгөн), ушул маселени “Ахли рои – Ханафийлер. Алар өкүмдөрдү чыгарууда хадиске таянышпай, өздөрүн акылдарына таянып өкүм чыгарышат” – дейт[5].**

**Ал эми: “Ахлу хадис – Ханафийден башкалары. Алар сүннөткө таянышат” – деген. Анан кийин андан кийинки келгендердин бардыгы ошону ээрчип кетти[6].**

Мухаммад Рашид Рида эки медресе бар деп бөлүп, экөөсүн бири-бирине карама-каршы кылып койгон: “1) Ахлу хадис – сүннөткө таянгандар деген 2) Ахлу рои – акылы менен, эч канадай сүннөткө таянбай туруп кыяс менен өкүм чыгара тургандар - деген бөлүк чыгарып

[4] «العبر في خبر من غبر»، شمس الدين أبو عبد الله محمد بن أحمد بن عثمان بن قَايْماز الذهبي (المتوفى: 748هـ)، ج 1، ص183.

[5] «مجلة المنار»، لمحمد رشيد رضا، (6/ 539)

[6] «المدخل الفقهي العام»، أحمد بن الشيخ محمد الزرقا [1285هـ - 1357هـ]، ج1، ص167.

койгон. “Ахлу хадис дегенде биз – “Мадиналыктарды түшүнөбүз. Анткени, Мадинада хадис менен алектенген аалымдар өтө көп чыккан дагы, анын сап башында Имам Малик турган. Ахлу хадис – сүннөттү кармангандар - Имам Шаафи, Имам Маликке окшогон аалымдар. Ахлу рои – акылына таянып өкүм чыгаргандар – Абу Ханифа” – деп, Ханафий мазхабын жалгыздатып бөлүп “Ахлу рои” – деген сөздү туура эмес мааниде колдонуп, башкаларга ошол пикирди киргизген.

Биринчи жолу ушул сөздү Мухаммад Рашид Рида айтты дегенди **Имам Каусарий р.а дагы кубаттайт. Имам Каусарий: “ Жалпы факихтерди 2 ге бөлгөндү Мухаммад Рашид Риданын оюнан келген. Бирок бул нерсенин негизи жок. Бул киши кее бирки анча-мынча адамдарда чыккан пикирлерди илип калган” – дейт[7].**

**Бул эки терминдин туура колдонулушу**

Ахлу рои – өзүнүн түпкү мааниси ижтихад максат кылынган.

Ижтихаддан максат – фикх.

Ахлу Рои – кее бирки адамдар айтып жаткан сыяктуу, Ханафийлерге гана айтылат деген туура эмес сөз. Бул сөз жалпы фикх илимине, ижтихадка тиешелүү. Куран, сүннөттөн ижтихад кыла алган адамдарга айтылган.

Ахлу рои - “пикир ээси”, “ой ээси” –деген сөздү бир гана Абу Ханифага р.а айтышкан эмес. Өзүнүн доорундагы Имам Маликтин устазына да Робиъату Рои деп аташкан. Анын өзүнүн аты Робиъа ибн Фаррух болгон. Пайгамбарыбыздын хадистрин өтө жакшы билгени үчүн жана хадистерине ой жүгүртүүсү өтө күчтүү болгон. Ошол себептен Робиъату Рои деген ат коюлган. Ахлу рои – дегенден максат – ижтихад ээси дегени.

Эгерде Ахлу Рои – деген “өзүнүн оюна, акылына таянып өкүм чыгарат десек, анда бул сөз Имам Маликтин устазы Робиъату Рои жана Имам Маликке колдонулбайт” – эле. Имам Малик окүмдөрдү чыгарууда хадистерге эң көп таянган аалымдардан болгон. Демек, Ахлу Рои – ижтихад дегенди туюндурат.

Ахлу хадис – дегенден максат Хадистерди риваят кылып, санадын жогорулоосу, түшүүсү, санадын бекемдиги жана алсыздыгы менен алек болгон адамдар. Булар Куран, сүннөттөн ижтихад кыла алышпайт.

Ахлу Рои – дегенде акылы менен гана чектелгендер эмес, Куран сүннөттөн өкүм чыгара алган, Факихтер жана мужтахиддердин максат кылынат. Бул жөнүндө:

**Ибн Кутайба (чон мухаддисиндерден)(276 ж хижратта өлгөн.) Маъариф деген китебинде: “Асхабу Рои” деген - тема койгон. Анда: 1 (83-б) ““Фукохалар Мадинада Рои деп таанылган. Фукоха ким болсо, Мадинадагылар аны асхабу Рой” - деп коюшкан. (136 ж хижратта) Имам Робиъа бин Фарруух, Имам Маликтин устазы, (157 ж) Ахлу Шам фукохаларынан Аузаъи сыяктуу, Суфян Саури фукоха мухаддис Куфада, Малик бин Анас Мадинанын факихи - мына ушуларды Ибни Кутайба “Фукаха” же “Асхабу Рои” - деп эскерген[8].** Ахлу Роинин туура колдонулушу мына ушундай болгон.

Мына, Имам Маликтин устазы болгон Мадинанын белгилүү факихи Ибни Фаррухту, “Робиату Рои” - деп эле айтышкан. Робиату – faкиx, мужтахид деген эле мааниде “Рои” - деп аташкан. Себеби дайыма ижтихад кылып фикх менен көп алектенген. Ошол менен эле бирге ал Пайгамбарыбыздын хадисин эң көп жаттаган аалым болгон.

---

7 «المدخل الفقهي العام»، ج1، ص167.

8 «المعارف» (1/ 462) لابن قتيبة (ت276هـ).

Ал эми “Ахлу хадис” – жалаӊ Хадис менен алектенген адамдарга айтылган. Хадисти риваят кылып, кийинкилерге өткөрүп берип, хадис илиминин терминине байланыштуу болгон маселелер менен алек болгондорду “ Ахлу хадис” – деп атайбыз. Эч кандай фикхка тиешеси жок.

Демек, биздин колдонушубуздагы эӊ туура көрүнүш : Бир гана хадисти риваят кылып, кийинкилерге өткөрүп берип, хадис илиминин терминине байланыштуу болгон маселелер менен алек болгондорду “Ахлу хадис” – дейбиз.

Ал эми фикх илими менен алектенген мужтахиддерди “Ахлу рои” – деп айтабыз.

**Ахлу Рои жана Ахлу хадистин айырмачылыктары**

- Терминдик маанисинде айырмачылыктары бар
- Ахлу рои дегенде – ижтихад кыла алышат.
- Ахлу хадис дегенде –хадистерди риваят кылып жеткирип берүүчүлөр. Алар Куран сүннөттөн өкүм ала алышпайт.
- Ахлу хадис – деген сөз хадис менен алектенгендерге гана айтылат.
- Ахлу рои – дегенде Факихтер максат кылынып айтылат.
- Ахлу рои – Куран, фикх илиминен, хадис илиминен, өкүм алына турган аят, хадистерден да кабары бар.
- Ахлу хадис – аяттарга тиешеси жок, хадистерди изилдеп гана чектелгендер.
-

**Ахлу Рои жана Ахлу хадиске далилдер**

Эки маани теӊ Хижазда иштелинип турган. Ахлу Рои деле иштелип турган, ахлу хадис деле иштелип турган. Ал мезгилде Фикх менен алек болгондордун баары эле ахлу Рои - деп аталган. Себеби ахлу ижтихад, ахлу рои, фукохаларды – “Ахлу Рои” - деп аташкан.

Ал эми Ахлу хадис деп: “Бир гана хадисти риваят кылып, кийинкилерге өткөрүп берип, хадис илиминин терминине байланыштуу болгон маселелер менен алек болгондорду” – айтышкан.

Анда Мухаммад Рашид Рида ахлу Мадина бул ахлу хадис, ахлу Рои бул Куфалыктар гана деди. Анын айтканы туура эмес экендигине дагы бир далил:

**Ибну Абдул Бар Малики айтат: “Абдуллах Ибну Лахиьа айтат: Бизге Абул Асвад (131-х жылы) бизге келди. Мадинадан келген Абул Асваддан Абдуллах Ибн Махиййа сурады: “Эми Робиъату Рои өлгөндөн кийин, роини ким көтөрөт” - деди. Абул Асвад айтты: “Алгулаамул асбахии - яни имам Малик”[9]. Имам Малик ошол Робиату Роидин шакирти. Роини ошол көтөрөт, фикх менен алек болот деди. Демек, Мадинада ахлу Рои - деген нерсе, дайым эле таркалып турган . Адамдардын арасында Робиату Роини “Рои” - деп эле белгилүү болгон.**




[9] «التمهيد لما في الموطأ من المعاني والأسانيد» لابن عبد البر (1/ 72).

Имам Малик

Абу Захра Египетке аалым, ал дагы тактабастан, биринчи китептеринде “Ахлу хадис, ахлу Рои” - деп жазып алгандандыгын, андан кийин бул ой туура эмес экендигин, айткан жана баяндаган:

**Абу Захра: Биз таптык, фикхтын тарыхын жазгандар, имам Маликти факихил асар, хадистин гана факиихи. “Факих рои болгон эмес” - деген сөзү менен - мурдагы китептерибизде ушул ой менен, “Имам Малик - Факихил асар болгон факихил Рои болгон эмес” - деп эле кете бериптирбиз. Мадиналыктар өкүм чыгарганда хадистерге таянышкан, ал эми Ирактыктар - Абу Ханифанын шакирттери акылдарына таянышкан” - деп айткан болчубуз. Бирок, кийин биз: “ Имам Маликтин өмүр баянын жакшылап изилдеп чыксак, факихил Рои экен. Куран сүннөт хадистерден өкүм алган факих. Ошондой эле, Ал “ Факихул асар, хадистерге да таянат” – экен деген[10].**

Ижтихадда имам Маликтин өзүнүн усулу бар имам Абу Ханифанын өзүнүн усулу бар. Экөө окшош эмес бирок экөө тең Ахлу Рои ахлу хадис экендигин, имам Абу Захра айтып жатат. Мурда биз ушундай ушул маъасид Мухаммад Рашид Риданын сөзү менен кетип калган болсок эми биз аны жакшылап изилдеп чыккандан кийин ал пикир туура эмес экендигин биз билдик деп Абу Захра өзүнүн китебинде баяндады.

Себеби, “Факихил асар анан факихил Рои” - деген өзү туура эмес колдонулган сөз. Өзү бардык эле факихтер асарлар. Эми ошол туура эмес пикир, түбүндөгү таянган нерсеси туура болбогондуктан, колдонгон сөзү да туура эмес. Кантип имам Малик факих асар болгон дагы, имам Абу Ханифа факих Рои болгон. Рои – деген өзү фикх болуп жатса.

Негизинен, ахлу хадис дегендер бар. Бирок адамдар эки тайпага бөлүнөт ахлу хадис жана ахлу Рои деп бөлүү туура эмес.

Себеби ахлу хадистер кимдер? Хадистерди бизге жеткирип бергендер жана хадистерди жаттагандар. Ахлу хадистер санаддарды көп чогултуу менен алектенишип, хадистерди “сахих”, “ даиф” - деп бөлүшкөн. Жана алар шариат өкүмдөрүн чыгаруудагы истимбат менен алек болушкан эмес.

**Ромахурмузи ( Ромахурмузи чон аалым болуп эң биринчи мусталах хадис китебин жазган адам) өзүнүн “Ал фасл байна рови вал ваъи” - деген китебинде, Ибни Жауси “талбис” китебинде, “ахбарул хамко” китептеринде жана Хатиб ал Багдади “факих вал мутафаких” деген китебинде: “Мадрасату ахлу хадис деген - хадистерди топтоп берген эле адамдар, эки тайпа кылып чон кылып, бул ахлу хадистер, алар хадистерден фатва чыгарса ахлу Роилер өздөрүнүн акылдарына таянат” - деген сөздүн анча терең эместигин айтышкан.**

**Андан сырткары Ибни Саъад (р.а) табакоот деген китеби бар. Ал китепте мухаддисиндердин өмүр баяны, сика, даиф болгондор жөнүндө сөз кылат. Ибни Саъабдын Табаакоот китебинде: “ 202 Куфалык таабиъин, Макка, Мадинадагы улуу сахабалардан хадис алганын айткан[11].**

**Демек, Куфалык таабиъиндерде же болбосо Куфада хадис болгон эмес деген соз эмес. Алар хижазга келип хадистерди алып кайрадан Куфага кайтып кетишкен. Алар ошол жакта илим таратышкан. Демек Куфада хадис илими бар экендигине Ибни**

[10] «مالك حياته وعصره»، لأبي زهرة، ص317.

[11] «الحركة الفقهية في بلاد الشام»، للدكتور محمد عقلة الإبراهيم، ص 284.

**Саъабдын табакоот деген китебиндеги бул далил бизге чон далил болуп берет. 202 таабиъин ар бири 1000 ден хадис риваят кылып алып барганда канча хадис алып барат.**

Хадиске көңүл буруу хадисти риваят кылуу хадис менен алек болуу Иракта өтө жогорку даражадагы илим болгон. Буга далилдер:

- **Казы Ромахурмузи айтат: Самъани: (Самъани 562-х жылында дүйнөдөн өткөн.) Аффандан риваят кылып айтат: “ Бир коомдун (мухаддисиндер) айтып жатканын уктум: “ Бул аалымдын китебин көчүрүп алдым. Тиги аалымдан хадистен жазып алдым, башка аалымдын хадис - деген китебин жаздык. Бул адамдан келип хадис угабыз, башкасында жокту, мындан барып угабыз. Андан кийин Куфага келдик. Биз Куфада ( бул мухаддисиндердин сөзү) 4 ай турдук. Куфалык мухаддисиндерден 100 мин хадис жазабыз десек, ошону жазууга мүмкүнчүлүк бар эле. Ал жерде Хадис ушунчалык көп эле. 4 айда журуп биз 50 мин хадис гана жаза алдык” - дейт[12].**
- **Рома Хурмузий Ибни Сириинден риваят кылып айтат: (Ибни Сириин 118 х ж өткөн таабиъиндерден.) “Мен Куфага келсем ал жерде 4000 аалымдын (4000 адамдын) хадис талап кылып, хадис окуп жатканын көрдүм. Ал эми 400 факих болуп калганын көрдүм” – деди[13].**

Демек, Ромахурмузи, Ибн Сирииндин кылган риваяты – Куфада хадис өркүндөп- өсүп жаткандыгы бизге далил болот. Бул 118 жылдары, ал эми Абу Ханифа 150-жылы каза болуп жатат. Ибни Сириин 118-жылы эле ушул сөздү риваят кылып жаткан болсо, Абу Ханифанын мезгилинде эле 4000 адам мухаддис болуп жатса.

- **Имам Каусари рохимахуллоху алейхи айтат : “Куфадан башка мусулмандардын кайсы шаарларында, мухаддисиндердин жана фукахалардын көп болгонун айтып бере аласыңар”. 4000 адамдын хадис талап кылып жаткандыгы далалат кылат - факих адамдын иши өтө оор. Факих даражага жетиш оор болгондуктан, мухаддисиндердей болуп, саны көп болбойт” – дейт.**

Мухаддисиндердин саны көп болушу мүмкүн. Бирок фукохалардыкы аз. Себеби, бардык эле адам факих болуусу кыйын . Мухаддис болуусу мумкун бирок факих болуусу кыйын. Ошон үчүн айтып жатат 4000 адам хадис талап кылып жатыптыр ошонун 400 гана факих болуптур. Калганы факих боло элек . Фикх ушундай оор нерсе. Бардык эле адам факих боло албайт. Ошон үчүн “Куллу факиихин мухаддис ва лайса кулллу мухаддисин факих деген эреже” - бар. Бардык факих мухаддис болот, мухаддис болбосо факих даражага жетпейт. Ал эми бардык мухаддис факих боло албайт. Себеби хадистен риваят кыла берет. А бирок, Аллах Таала насип эткен адам гана факих болот.

**Корутунду**


Биздин Исламга эн негизи мазхаб кармоого катуу таасир берген эки мадраса же эки тайпа бар.

1. Ахлу ат- ташаддуд ( шариатты катуу кылгандар ) баарын эле куфур ширк мушрик кылгандар булар вахабийлер дегенбиз.
2. Ахлу ат-тахаллул ( шариатты жеңил кылгандар )

---

[12] «مقدمة نصب الراية»، للكوثري، ص310.

[13] «المحدث الفاصل بين الراوي والواعي» للرامهرمزي (ص: 408).



Алардын башчысы Мухаммад Абду жана Мухаммад Абдулмажид Авгоний башташкан.

**Мухаммад Абдунун шакирти Мухаммад Рашид Рида. (1935-ж өлгөн.) “Мажжалтул манаар” жана “Юсрил Ислаам усулу ташриъил аъам” - деген китептеринде Ахлу рои жана Ахлу хадис деген бөлүмдөрдү аябай көп келтирген. “Эки медресе бар. Биринчи медресе - ахлу хадис медресеси, анын башында Имам Малик, экинчи ахлу Рои медресеси анын башында Куфада Абу Ханифа” – деген сөздү Мухаммад Рашид Рида биринчи жолу айткан. Ушул жерден бөлүп баштаган**

Абу Ханифа мазхабы – Ахлу роилер – хадистерге эмес өздөрүнүн акылдарына, оюна таянган адамдар” – деп айтышат. Буларга хадис дагы жетип барган эмес дейт.

Ахлу хадис – “Алар хадис, асарлар менен сүннөткө таянгандар” - деген. Булар Азхардан чыккан атайын масондор тарабынан даярдалган Хадасииндер. Чындыгында болсо, Ахлу рои жана Ахлу хадистин маанилери негизи кандай болгонун жогоруда, далилдери менен маалымат бергенге аракет кылдык.

Мухаммад Рашид Рида Жамалидин Авганийдин шакирти, Жамалидин Авганийдин өзүндө мусулман экендигинде күмөн бар. **Буга далил: Жамалидин Авганий Массондорго жазган каты жана Массондордун берген жооп каты далил болот.**

*“Муну жазып жаткан киши – мен, отуз жети жаштагы мисирлик философия илимдеринин мугалими Жамалуддин Кабу-ли боломун. Мени “Ихванус-сафаа” сыяктанган, эч качан адашпай турган, ары ыйык, ары арууу масондук уюмга кабыл алууңуздарды жана ушул сыймыктуу уюмдагылардын ката-рына кошууңуздарды сурана-мын. Улуу-урамттуулук силерге жол-дош болсун!”*

*Колу.*

*Датасы.*





Массондордун берген жооп каты:

*Мисир. Каир. 1255-намира. 7-хабаю, 5878/1878. “Чыгыш жылдызы” ложасы.*

*Урматтуу бурадарыбыз Жамалуддинге!*

*Сизге маалым болгондой, өткөн 28-отурумда көпчүлүктүн пикири менен ушул жылы, ушул ложанын башчысы болуп шайландыңыз! Ошол себептүү бизге жана сизге бул улук ырыскы кут болсун демекчимин! Анан учурдагы раистин буйругу менен сиздин бурадарларыңызды келээрки жума, саат экиде, шамдан кийин “Чыгыш жылдызы” ложасына келүүгө чакырамын. Ал жерде адатка айланган салтанаттан кийин, сиздин жетекчиликти кабыл алууңузга арналган азем болот. Андан кийин кечки саат алтыда Канкордия ложасынын урматтуу раисинин үгүт-насааты угулат. Ошентип, аталган даталарда иш-чарага катышууга келишиңиздерди үмүт кылабыз. Эки аземде тең үстүңүздө ак жакалуу, кара түстөгү кийим болуусу талап кылынат. Сизди бурадарларча боорума басып, секретар: Никола Сакруж”[14].*

Мухаммад Рашид Рида Жамалидин Авганийдин шакирти. Жамалидин Авганий өзү Массон болуп жаткандан кийин, Мухаммад Рашид Рида бизге эмнени үйрөтө алмак эле.

Демек, биздин колдонушубуздагы эң туура көрүнүш: Ахлу хадис – Бир гана хадисти риваят кылып, кийинкилерге өткөрүп берип, хадис илиминин терминине байланыштуу болгон маселелер менен алек болгондор.

Ал эми фикх илими менен алектенген адамдарды Ахлу рои деп айтабыз. Далил: Ошол доордогу адамдар Имам Робиъа ибн Фаруухту, Имам Абу Ханифаны, имам Маликти дагы Ахлу рои деп айтышкан. Имам Маликти ахлу хадис дей турган болсок – анда ал жалаң гана хадис менен гана алектенип, фикх менен алектенген эмес деген сөз келип чыгат. Имам Малик дагы факих болгон. Анын дагы өзүнүн ижтихады болгон. Ахлу рои – дегенден максат – ижтихад ээси дегени. Ижтихад кылган учурда – сүннөттү да, башка өкүмдөрдү, сахабалардын амалдарын да, ижтихад кылууда караган.

## Колдонулган адабияттар

## المصدر والمراجع

1. «العبر في خبر من غبر»، شمس الدين أبو عبد الله محمد بن أحمد بن عثمان بن قَايْماز الذهبي (ت: 748هـ)، تحقيق: أبو هاجر محمد السعيد بن بسيوني زغلول، دار الكتب العلمية – بيروت، عدد الأجزاء: 4.
2. «المدخل الفقهي العام»، أحمد بن الشيخ محمد الزرقا [1285هـ - 1357هـ]، دار الفكر، ط10، 1387هـ.
3. «المُصَنَّف»، أبو بكر عبد الله بن محمد بن أبي شيبة العبسي الكوفي.159 - 235 هـ، دار القبلة، تحقيق : محمد عوامة.
4. «السنن الصغير» للبيهقي، أحمد بن الحسين بن علي بن موسى الخُسْرَوْجِردي الخراساني، أبو بكر البيهقي (ت: 458هـ)، تحقيق: عبد المعطي أمين قلعجي، جامعة الدراسات الإسلامية، كراتشي ـ باكستان، الطبعة: الأولى، 1410هـ - 1989م، عدد الأجزاء: 4.
5. «شرح مختصر الروضة»، سليمان بن عبد القوي بن الكريم الطوفي الصرصري، أبو الربيع، نجم الدين (المتوفى : 716هـ)، تحقيق : عبد الله بن عبد المحسن التركي، مؤسسة الرسالة، الطبعة : الأولى ، 1407 هـ / 1987 م، عدد الأجزاء : 3.
6. «المعارف»، أبو محمد عبد الله بن مسلم بن قتيبة الدينوري (ت: 276هـ)، تحقيق: ثروت عكاشة، الهيئة المصرية العامة للكتاب، القاهرة، الطبعة: الثانية، 1992 م، عدد الأجزاء: 1.

[14] أرشيف منتدى الألوكة - 2 (ص: 0).

7. «التمهيد لما في الموطأ من المعاني والأسانيد»، أبو عمر يوسف بن عبد الله بن محمد بن عبد البر بن عاصم النمري القرطبي (ت: 463هـ)، تحقيق: مصطفى بن أحمد العلوي , محمد عبد الكبير البكري، وزارة عموم الأوقاف والشؤون الإسلامية – المغرب، عام النشر: 1387 هـ، عدد الأجزاء: 24.
8. «مجلة المنار»، مجموعة من المؤلفين، محمد رشيد بن علي رضا (ت: 1354هـ) وغيره من كتاب المجلة.
9. «مالك حياته وعصره وآرائه الفقهية»، لمحمد أبو زهرة، دار الفكر العربي، ت1974م.
مقدمة نصب الراية، لمحمد زاهد الكوثري.
10. «الحركة الفقهية في بلاد الشام» للدكتور محمد عقلة الإبراهيم. مجلة الشريعة والدراسات الإسلامية. السنة السادسة. العدد 14. 1410هـ.
11. «المحدث الفاصل بين الراوي والواعي»، أبو محمد الحسن بن عبد الرحمن بن خلاد الرامهرمزي الفارسي (ت: 360هـ)، تحقيق: د. محمد عجاج الخطيب، دار الفكر – بيروت، ط: الثالثة، 1404، عدد الأجزاء: 1.
12. «أرشيف منتدى الألوكة – 2»، تم تحميله في: المحرم 1432 هـ = ديسمبر 2010 م، هذا الجزء يضم: مجلس العقيدة والقضايا الفكرية المعاصرة، ملاحظة: [تجد رابط الموضوع الذي تتصفحه، أسفل يسار شاشة عرض الكتاب، إذا ضغطت على الرابط ينقلك للموضوع على الإنترنت لتطالع ما قد يكون جد فيه من مشاركات بعد تاريخ تحميل الأرشيف .. ويمكنك إضافة ما تختاره منها لخانة التعليق في هذا الكتاب الإلكتروني إن أردت]، رابط الموقع: http://majles.alukah.net

**Рецензент: философия илимдеринин доктору, профессор Үтүров К.**